DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Асанова У.А.*

# КЫРГЫЗСТАНДА МЕДИАЦИЯНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

*Асанова У.А.*

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ СТАНОВЛЕНИЯ МЕДИАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*U. A. Asanova*

# SOME QUESTIONS OF THE FORMATION OF MEDIA IN KYRGYZSTAN

*УДК: 340*

*Макала актуалдуу маселелердин бири болгон – медиацияга арналган. Автор Кыргызстанда акыркы жылы медиация институтунун калыптануусу тууралуу ойлорун ортого салат. Эмгекте 2019-жылдын 1-январынан күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Жазык, Жазык-Процессуалдык жана Укук бузуулар жөнүндө кодекстеринин айрым беренелери боюнча да медиаторлор иш жүргүзө алгандыгы белгиленген. Автор медиацияга байланышкан жараяндардын көйгөйлөрүн талдоого алат. Медиация сот реформанын негизги багыттарынын бири экендиги көрсөтүлгөн. Макалада медиаторлор мамлекетибизде жетишсиз экендигин белгиненип, эл аралык деңгээлдеги илимпоздордун жардамы менен акысыз окуулардын жүргүзүлгөнүн жана бул иштин улантылышын сунуштайт. Бул эмгекте медиациянын жайылтылышы өлкөдөгү конфликттик абалдын төмөндөшүнө жана жалпы жашоонун сапатынын жогорулашына алып келери көрсөтүлөт. Автордун пикиринде, медиаторлордун жардамы менен талаштуу маселелерди, арыздашууларды сотко чейинки жана соттон сырткаркы альтернативдүү тынчтык жолу менен чечүүчү тартипте коомдогу чыңалууну жоюу болуп эсептелинет. Медиатор – калыс, көз карандысыз, эч бир тараптын кызыкчылыгын жактабаган фигура катары каралышын баса белгиленген. Макаланын автору учурда коомчулукта медиациянын келечеги тууралуу көптөгөн ой-пикирлер айтылганы менен, медиациянын өз алдынча институт катары керектиги, аны медиациянын алдыңкы дүйнөлүк тажрыйбасына сугартып, өнүктүрүү жана өркүндөтүү зарылдыгы бар экендиги жөнүндө тыянакка келет.*

***Негизги сөздөр:*** *медиатор, кодекс, мыйзам, мамлекет, коомчулук, сот.*

*Статья посвящена одному из актуальных вопросов – проблеме медиации. Автор делится своими идеями относительно становления института медиации в Кыргызстане. Со вступлением в силу с 1 января 2019 года новых Уголовного, Уголовно-процессуального кодексов, а также Кодекса о правонарушениях Кыргызской Республики медиаторы вправе вести свою деятельность по их отдельным статьям. В данной работе также уделяется внимание проблеме расширения медиации в стране. Показывается, что медиация - одно из важнейших направлений проводимой судебной реформы. Однако в республике количество медиаторов недостаточно, поэтому предлагается с помощью международных ученых продолжить проведение бесплатных обучающих мероприятий. В статье подчеркивается, что расширение медиации будет способствовать снижению социальной напряженности и улучшению качества жизни населения в стране. По мнению автора статьи, с помощью деятельности медиаторов можно без судебных тяжб, через внесудебные мирные переговоры сторон прийти к их обоюдному соглашению. Медиатора предалагается рассматривать как объективную, независимую, не защищающую ни чьи интересы фигуру. Автор приходит к выводу, что несмотря на самые различные взгляды касательно будущности медиации в стране, неоспорима важность развития и поддержки данного института, учитывающего позитивный мировой опыт.*

***Ключевые слова:*** *медиатор, кодекс, закон, государство, общественность, суд.*

*The article is devoted to one of the pressing issues - the problem of mediation. The author shares his ideas regarding the establishment of the mediation institution in Kyrgyzstan. With the entry into force in the republic from January 1, 2019. new Criminal Code, Criminal Procedure Code, as well as the Code of Offenses, mediators have the right to conduct their activities according to their individual articles. The article also pays attention to the problem of expanding mediation in the country. It is shown that mediation is one of the most important areas of ongoing judicial reform. However, the number of mediators in the republic is not enough, therefore, it is proposed to continue conducting free training events with the help of international scientists. The article emphasizes that the expansion of mediation will help to reduce social tension and improve the quality of life of the population in the country. According to the author of the article, with the help of the activities of mediators, it is possible to reach a mutual agreement through out-of-court peace negotiations between the parties without judicial litigation. The*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*mediator is proposed to be regarded as an objective, independent, not protecting anyone's interests figure. The author of the article concludes that despite the most diverse views on the future of mediation in the country, the development and support of this institution, taking into account the positive international experience, is undeniable.*

***Key words:*** *mediator, code, law, state, public, court.*

Медиация термини бүгүнкү күндө бир канча мааниге ээ:

1) Ортомчулук, конфликтти алдын алуу, элдештирүүгө жетишүүнүн жолу;

2) «Сураныч», «жардам кызматын сунуштоо»;

3) Үчүнчү, бейтараптын жардамы менен сүйлөшүүлөр;

4) Арыздашууларды чечүүнүн альтернативдүү ыкмасы [2].

Медиациянын ар кандай багыттары бар: эркин, сот ичиндеги (соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө колдонулат), жактоочулук, эксперттик.

Медиатордун ролун жактоочулар, элдештирүү кызматтар, нотариустар жана ар кандай чөйрөлөрдүн эксперттери аткарышат [2].

Кыргызстанда акыркы жылы медиацияга арналган эки миңден ашуун жолугушуулар өткөрүлгөн [3]. Өлкөдө мамлекет жана коомчулук чоң үмүт менен күткөн «Медиация жөнүндө» мыйзам 2019-ж. 11-февралында күчүнө кирип, укуктук талаштарды жөнгө салууда медиацияны колдонууга укуктук негиздерди түзгөн [1]. Республикалык медиаторлор коомунун төрайымы Гульсина Кожоярова белгилегендей, медиация – бул талаш маселени медиатордун же медиаторлордун жардамы менен жөнгө салуу процедурасы [2, 6-б.]. Медиацияда медиатор коомдогу конфликттик абалды төмөндөтөт: анткени көп учурда орчундуу эмес кайчы ой-пикир соттук териштирүүнүн предметине айланат.

Бүгүнкү күнү Кыргызстанда медиациянын эки борбору иштөөдө - медиациянын Улуттук борбору жана медиациянын жана сүйлөшүүлөрдүн Борбору. Ар кандай маалыматтар боюнча өлкөдө 400дөн ашуун медиаторлор бар. Адистердин пикиринде, “Медиация жөнүндө” мыйзам күчүнө киргенден кийин медиаторлорду окутуу маселеси жаралган. Медиаторлор мамлекетибизде жетишсиз болгондуктан эл аралык деңгээлдеги илимпоздордун жардамы менен акысыз окуулар жүргүзүлгөн. Аймактардагы медиаторлордун пайда болушуна көбүрөөк көңүл бурулуп, 85 медиатор окуудан өткөн.

Иликтөөлөр боюнча, талаштуу маселелердин 64% - бул жарандык иштер, 7% - жер талаштарга байланыштуу, 10% - бул үй-бүлөлүк талаштар, 5% - эмгек талаштары жана акырында 2% - бул кылмыш иштери түзгөн [2].

Бүгүнкү күнү медиация институтун биз батыштын үлгүсү катары кабыл алуудабыз, бирок чынына келгенде мындай үлгү биздин менталдуулугубузга да таандык. Адистердин божомолунда, медиация өлкөдө ийгиликтүү ишке ашат [2].

Каралган маселеде тоскоолдуктар да жок эмес. Маселен, медиациянын өнүгүүсүнө калктын ал жөнүндө аз маалымат алгандыгы эсептелет. Г.Кожоярованын пикири боюнча, медиациянын жайылтылышы конфликттик абалдын төмөндөшүнө жана жалпы жашоонун сапатынын жогорулашына алып келет [4].

Медиациянын башкы максаты – сот реформасын алга жылдыруу: бир жактан – соттордун оор ишин жеңилдетүүгө, демек, сот адилеттүүлүгүн күчөтүү болсо, экинчи жактан – медиаторлордун жардамы менен талаштуу маселелерди, арыздашууларды сотко чейинки жана соттон сырткаркы альтернативдүү тынчтык жолу менен чечүүчү тартипте коомдогу чыңалууну жоюу болуп эсептелген. Анткени медиатор – калыс, көз карандысыз, эч бир тараптын кызыкчылыгын жактабаган фигура катары каралат.

Мыйзамдын иштегенине эки жыл өттү. Ошого “Медиация жөнүндө” мыйзам кандай иштегендиги жөнүндө, биздин өлкөдө медиация кандайча өнүгүүдө, сот жана укук коргоочуу органдар тарабынан, медиаторлордун өздөрү кандай кабыл алгандыгы жөнүндө белгилүү жыйынтыкка келсе болот. Бул маселе боюнча түрдүү, көптөгөн ой-пикирлер айтылууда, бирок медиациянын өз алдынча институт катары керектиги, аны, кээ бир өлкөлөрдөгүдөй, аркага кетирбестен, дүйнөлүк медиациянын алдыңкы тажрыйбасына сугартып өнүктүрүү жана өркүндөтүү зарылдыгы - шексиз.

Эл аралык эксперттердин баамында, Кыргызстанда, медиациянын калыптанышы, өз өлкөлөрүндөгү калыптанууга салыштырганда, ылдамдуу өнүгүүдө, мындай нерседе кээ бир мамлекеттердин мыйзамдарына караганда кыргыз мыйзамдарынын алдыңкы ролу айтылат, анткени кээ бир мыйзамдардагы жоболор өз натыйжалуулугу боюнча башка өлкөлөргө караганда кыйла прогрессивдүү экендиги белгиленүүдө [3]. Маселен, соттун, тергөөчүнүн тараптарды медиатор менен маалыматтык жолугушууга жөнөтүү укугун алсак болот, бул жагдай Медиция жөнүндө мыйзамдын 20-беренесинде чагылдырылган. Албетте, мындай жагдай мыйзамдын күчтүү жагын айгинелейт.

Бирок «Бул мүмкүнчүлүк ар дайым эле колдонулуп келе жатабы?», - деген суроо жаралат. Ушул

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жерден алгачкы көйгөй пайда болот. Ишти кароодо, соттор, эреже катары, Жарандык-процессуалдык кодекстин башка ченемин колдонушат. Ага ылайык, тараптар соттук териштирүүнүн каалаган стадиясында тынчтык келишимге келип, ишти токтотууга укуктуу болушат.

Мыйзам боюнча, маалыматтык жолугуу тараптарга медиациянын маңызын түшүндүрүүгө уюштурулат, б.а. ал таза маалыматтык мүнөзгө ээ болот, чыр-чатакты чечүүнү максатын койбойт. Демек, соттор мындай жолугууну элдештирүү жыйыны деп түшүнүүсү керек эмес, бирок, чындыгында, ал жыйындардан кийин элдештирүү да жүрөт. Ошентип жалпысынан алып караганда, 2018-ж. февраль айынан тартып соттор өлкөдө маалыматтык жолугушууга болгону 106 ишти жөнөтүшкөн [4].

Бирок дүйнөлүк тажрыйбада, эки тарапты элдештирүүгө жетишүү соттук практикада приоритеттүү жана мыйзамдуу эң жакшы натыйжа болуп бааланат. Мисалы, көп жылдык чет элдик медиациялык тажрыйба көрсөткөндөй, тараптар медиативдик макулдашуулардын 90% талаптарын аткарган болсо, соттук чечимдердин - 30% гана тараптар менен орундатылган. Азырынча бул жаатында абал өзгөргөн жок, соттор атайын билим алгандыгына, Республикалык медиаторлор коому менен Жогорку соттун ортосунда кызматташуу жөнүндө меморандумдун бар экендигине карабастан [4].

Демек, сот, тергөөчү, сотко чейинки териштирүү органынын кызматтагылар тараптарды медиатор менен жолугушууга жөнөтүүгө да, жөнөтпөөгө да укуктуу. Бирок, эгерде сот тараптарды медиаторго жөнөткөн болсо, анда арыздашкандар албетте барышы керек. Бул жагдай “Медиация жөнүндө” мыйзамдын күчтүү жагын билдирет. Медиатор тараптарга макулдашууга келүүнүн артыкчылыктарын, конфиденциалдуулукту, ыхтыярдуулукту, медиациянын жүрүшүндө каалаган учурунда чыгып кетүүгө жол бар экендигин түшүндүрөт.

Кээ бирде арыздашкандар сотто жылдар бою созулган ишти, медиаторлор менен эки айда, болгондо да эки тарап үчүн канааттандыраарлык чечим менен жыйынтыкташкан. Ошондо да эки тарап жакшы маанайда, ынтымакташып коштошушкан. Демек, медиаторлор диалогдун жүрүшүнө шарт түзүшкөн, ал эми чечимди сот эмес, тараптагылар өздөрү иштеп чыгышат. Дагы бир маанилүү жери – конфликттин жүрүшүндө бузулган мамилелер, оор социалдык-психологиялык абалдын ордуна, жылуу сезимдер, үй-бүлөлүк, тууганчылык, кесиптик, адамдык мамилелер калыбына келет. Ошентип азыркы социалдык-экономикалык шартта ушундай тынчтыктын очокторун көбөйтүү абдан маанилүү.

2019-жылдын 1-январынан күчүнө кирген Жазык, Жазык-Процессуалдык жана Укук бузуулар жөнүндө кодекстеринин айрым беренелери боюнча да медиаторлор иш жүргүзө алышат: чакан өлчөмдөгү уурдоолор, байкабастыктан өлтүрүү, тартипсиздик.

Медиаторлор татаал кылмыш-жаза мамилелердин чөйрөсүндө иштөөгө даярдыгы – чоң маселе. Айрым аймактарда медиаторлордун аздыгын эске алганда, кылмыш-жаза медиациянын, мисалы, Талас (эки медиатор) же Нарын (төрт медиатор) облустарында өнүктүрүү - өзүнчө көйгөй.

Экинчи жактан, мыйзамдар кабыл алынган, бирок аларды карама-каршылыксыз деп айтуу кыйын, бул нерсе өз кезегинде медиациянын калыптануусундагы кыйынчылыктарды жаратат [4]. Мисалы, мыйзамдарда жарандар мамлекеттин эсебинен акысыз юридикалык жардамды алууга укуктуу болушат, бирок бул ченем жактоочуларга гана тиешелүү, медиаторлорго эмес. Ошентип, муктаждыгы бар жарандар сүйлөшүүлөр боюнча медиаторлорго кайрыла алышпайт, анткени алардын эмгеги акысыз эмес. Латвияда мындай учурларда медиатордун кызматын мамлекет төлөп берет. Бүгүнкү күнү медиаторлордун кызматы кайсыл жол менен төлөнүп берилери толук чечилген эмес.

Адистердин пикиринде, медиация кызматынын ишмердиги мамлекет тааныган ченемдер аркылуу жөнгө салынышы абзел. Мыйзамдар медиациянын өсүшүнө көмөк көрсөтүп, ал эми медиаторлор – бир топ өз алдынча функцияларга ээ болушу керек. Ушул себептен медиация институтунун өнүгүүсү үчүн мамлекет колдоо көрсөтүп, аймактарда (калктын менталитетин эске алып, көбү сотко кайрылууну каалашпайт) медиаторлордун санын, аларды даярдоо, сапатын жогорулатуу актуалдуу бойдон калууда [4].

Бүгүнкү күнү медиация үй-бүлөлүк (мүлктү, мурасты бөлүштүрүү; бала менен жолугуштуруу) жана жарандык (карызды төлөтүү, келишимдин шартын аткартуу) маселелерди чечүүдө ролу чоң. Адистердин пикиринде, медиаторлордун оң тажрыйбасы Баткен облусунда байкалууда [4].

Ошентип, калыбына келтирүүчү медиация (кылмыш-жаза конфликттердеги медиация), анын мүмкүнчүлүктөрүн жана артыкчылыктарын эске алуу менен, мезгил өткөн сайын бардык жерде керектелет, эгерде биз ар жерде бул институттун өнүгүшүнө салым кошсок. Ушуга байланыштуу адистер мыйзам чыгаруучу, сот жана аткаруу бийликтин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдардын, укук коргоочу,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



коомдук уюмдардын, бизнес-түзүмдөрдүн жана ММКнын өкүлдөрү менен 2020-2025-жж. медиацияны өнүктүрүү концепциясын жана практикалык ишмердикте пайда болгон учурдагы медиациянын көйгөйлөрүн талкулоо үчүн туруктуу иштеген аянтчаны түзүүнү сунушташат [4].

**Адабияттар:**

1. Закон КР “О медиации” от 28 июля 2017 года №161. Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 июня 2017 года.
2. Медиация в Кыргызстане: подходы и практики. - Б.: Аль-Салам, 2011. - 68 с.
3. ФРГ. Медиация. Зарубежный опыт / URL: http:// dkvartal.ru/ zastypnik/37802
4. http://slovo.kg/?p=105097
5. https://danaker.org/ru/2019/mediatsiya-v-kyrgyzstane-vozmozhnosti-i-barery/
6. Законодательство, связанное с медиацией / URL: http: //arbimed. ru/zakonodatelstvo_o_medi